DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2021

***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***

***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***HISTORICAL SCIENCES***

*Абдиева Ж.К.*

## КЫРГЫЗ ТААНУУДАГЫ УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРДЫ ҮЙРӨНҮҮ МАСЕЛЕРИ

*Абдиева Ж.К.*

## ВОПРОСЫ ИЗУЧЕНИЯ НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ В КЫРГЫЗОВЕДЕНИИ

*J. Abdieva*

## ISSUES OF STUDYING NATIONAL VALUES IN KYRGYZ STUDIES

*УДК: 947.1:93/99(575.2)(043.3)*

*Өнүккөн коомдун негизги чөйрөлөрү болуп өндүрүштүк (экономикалык), социалдык, саясий жана рухий чөйрөлөр эсептелинеерин билебиз. Бүгүнкү күндөгү ааламдашуу процесси адамды бир чети кубандырса бир чети ойлондурат. Биз жашап жаткан доор укмуштуудай өнүгүүдө, алып карасак, күндөн-күнгө өсүп-өнүгүп жаткан жаңы маалыматтык технологиялар, инновациялык маалыматтар. Ошону менен катар бир жагын алып карасак, ал – адеп-ахлак, ыйман, руханий баалуулуктар деңгээлинин төмөндөшү. Бүгүнкү ааламдашуу заманында адамзаттын адамдык сапаттары ылдыйлап баратканы сезилип да, көрүнүп да турат. Ошондуктан, азыркы учурда жарандарды калыптандырууда руханий баалуулуктардын мааниси бирден-бир актуалдуу маселелерден экендиги анык. Ар бир дарак өз тамырынан азыктанып кубат алып гүлдөп өнүккөн сыяктуу, ар бир улут өзүнүн тамырынан азык алып өсүп өнүгөт эмеспи. Анысы кандай кыргыз эли дүйнөгө «Манастай» зор дастанды, Чыңгыз Айтматовдой залкар жазуучуну берген Борбордук Азиядагы байыркы элдердин бири. Тээ байыртан бери өсүп өнүгүп калыптанып келе жаткан өзүнө гана тиешелүү тарыхы, каада-салты, үрп-адаты, маданияты, улуттук баалуулуктары бар.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз таануу, баалуулук, руханий, адеп-ахлак, тарбия, тарых, улут, салт.*

*Мы знаем, что основными сферами развитого общества являются производственные (экономическая), социальные, политические и духовные сферы. Сегодняшний процесс глобализации одновременно увлекателен и заставляет задуматься. Эпоха, в которой мы живем, невероятно развивается, с каждым днем появляются новые информационные технологии и инновационные информации. В то же время это снижение уровня нравственности, веры и духовные ценности. В сегодняшнем глобализированном мире очевидно, что человеческие качества снижаются. Поэтому очевидно, что важность духовных ценностей в формировании граждан сегодня - одна из самых актуальных проблем. Как каждое дерево растет на своих корнях, так и каждая нация растет на своих корнях. Кыргызский народ – один из древних народов Средней Азии, подаривший миру великий эпос «Манас», такой великий писатель, как Чынгыз Айтматов. Он имеет свою историю, обычаи, традиции, культуру и национальные ценности, которые росли и развивались с древних времен.*

***Ключевые слова:*** *кыргызоведение, ценность, духовный, нравственность, воспитания, нация, традиция.*

*We know that the main spheres of a developed society are the production (economic), social, political and spiritual spheres. Today's process of globalization is both fascinating and thought-provoking. The era in which we live is incredibly developing, with new information technologies and innovative information emerging every day. At the same time, it is a decline in the level of morality, faith and spiritual values. In today's globalized world, it is obvious that human qualities are declining. Therefore, it is obvious that the importance of spiritual values in the formation of citizens today is one of the most pressing problems. As every tree grows on its roots, so every nation grows on its roots. The Kyrgyz people are one of the ancient peoples of Central Asia, who gave the world the great epic "Manas", such a great writer as Chyngyz Aitmatov. It has its own history, customs, traditions, culture and national values that have grown and developed since ancient times.*

***Key words:*** *Kyrgyz studies, values, spirituality, morality, education, nation, tradition.*

Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири кыргыз эли сан кылымдарды карыткан тарыхый жолунда улуттук идеясын, көөнөрбөс акыл-ой, рух дөөлөттөрүн, менталдуулугун иштеп чыккан.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нуркожоевич, ант бергендин эртеси эле төрт жарлыкка кол койду. Ал жарлыктардын бири Кыргызстан элдеринин бирдиктүүлүгүн чагылдырган жалпы адамзаттык баалуулуктардын системасына өтүү аркылуу жарандарды тарбиялоону колдоо максатында «Жарандардын рухий жана адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө». Жалпы адамзаттык баалуулуктардын системасында кыргыз элинин улуттук дөөлөттөрүн б.а. кыргызтаануудагы улуттук баалуулуктарды үйрөнүү маселелери бүгүнкү күндө биздин өлкөбүздө актуалдуу маселелерге айланууда жана ошону менен бирге кандай орунда турат, канчалык деңгээлде аткарылып жатат деген суроо жаралат?

Бүгүнкү күндө биздин мамлекетибизде адам баласынын руханий баалуулуктары тышта калып калган деп айтуудан алысбыз. Ошондой болсо да адам баласы өзүн-өзү таануу тенденцияларларынын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кайсы тарабы өсүп-өнүгүп кайсы тараптары солгундоодо деген маселелрге көнүл бурсак.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын «элибиздин руханий өнүгүшүн өргө сүрөө», «мамлекет балдарды тарбиялоону камсыз кылат», «ар бир бала анын дене боюнун, акыл-эсинин, ички руханий ыймандык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине укуктуу», «элдик үрп-адаттар, каада-салттар мамлекет тарабынан колдоого алынат» деген стратегиялык идеялары жана Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын «инсандын адеп-ахлактык жактан өсүп жетилишинин негиздерин түптөө» туурасындагы жобосу, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жаштар саясатынын негизи» жөнүндөгү мыйзамындагы «Жаштардын адеп-ахлактык баалуулуктарын жана маданиятын калыптандыруу» боюнча жобосу, Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндөгү» Жарлыгы (27-январь, 2012-жыл), «Жарандардын рухий жана адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун Жарлыгы (2021-ж., февраль айы), окумуштуу, филолог Советбек Байгазиевдин адеп-ахлак руханий баалуулуктары боюнча жазылган концепциясы, Талас шаарынын тургуну, эл агартуунун мыктысы Акчал Атагуловдун700 калеминен жаралган сыясы кургай элек жаш өспүрүмдөр, ата-энелер, студенттерге арналган «Кыргыз таануу» аттуу мугалимдер үчүн колдонмо эмгеги жана ошону менен бирге тарыхчы, филолог, философ окумуштуулардын эмгектери пайдаланылды.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-2017-жылдарындагы план-программасына ылайык элдик нравалык баалуулуктарга негизделген тарбия концепциясын иштеп чыгуу каралган. Бул концепцияны ишке ашыруу максатында белгилүү окумуштуу филолог Советбек Байгазиев «Жаш муундарды рухий-адептик жана патриоттук жактан тарбиялоо концепциясын» жазган. Билим берүү жана илим министрлиги аталган концепцияны педагогикалык коомчулуктун талкуусуна коюп, мектептердин жана ЖОЖдордун жамааттарынын сунуштарын эске алып, кошумчалап, кабыл алган.

Билим берүү жана илим министрлиги 2019-жылы Тарбия Концепциясын кабыл алган жана анда 1-4-класста жалпы адамдык баалуулуктар, ал эми 5-8-класста улуттук жана мамлекеттик баалуулуктар окутулса, 9-11де көп кырдуу маданиятты таануу үйрөтүлөт. Бул Концепция элдик рухий-адептик, патриоттук нарк-дөөлөттөрдү жана жалпы адамзаттык адеп-ахлак, салттарды баалай билүүгө чоң кызмат кылаары белгилүү, эгерде ал бүгүнкү күндө тарбия концепциясы боюнча өз деңгээлинде иш алып барылып жаткан болсо. Биздин коомчулукта качан гана коомго жат көрүнүштөр (м; зордук-зомбулук, кыз ала качуу, уруп-согуу ж.б.) байкалган учурда гана жеке көрсөтмөлөр келгенде гана калпыс иш-чараларды уюштуруу жана анын отчетун берүү менен гана чектелип калган көрүнүштөр байкалат.

Биздин жашап жаткан коом, аалам бир гана илим - билимге, техникалык цивилизацияга эмес, адамдык ресурска б.а. инсандын ким экени, анын коомдогу орду, өзүн ким деп тааный алаарына байланыштуу болоорун эсибизден чыгарбасак, анткени адам баласындагы адеп-ахлактык руханий баалуулуктардын жоголушу бул адамзаттын жоголгону деп айтсак жаңылышбастырбыз.

Улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов айткандай: «Канткенде адам уулу адам болот, адамга эң кыйыны күн сайын адам болуу» деген накыл кебин билүү менен биз аны терең маани-мазмунун түшүнө алдыкбы?, кептин баары ушунда болуп жатат. Бүгүнкү күндө баарыбыз эле канткенде көп акчалуу болобуз, бай болобуз деп баш катырып олтуруп, адам болуу жөнүндөгү ой-тутумубуз унутта калтырылып, кайтарган төөлөрдүн гана камын ойлоп, өзүн-өзү тааный албай колго курал берсе, жакындарды өлтүрүүдөн артка кайтбаган манкуртка айланып калуу коркунучунан сакталып калуу жолунда иш алып баруубуз зарыл. Эмне үчүн бүгүнкү күндө мен манасчы болом, мен мугалим болом деп айтышбайт. Баары бизнесмен, депутат, президент болууну гана каалайт. Анткени алдыңкы орунга байлык маселеси чыгып жатат. Буга жаш өспүрүмдөр, жаш жеткинчиктер күнөөлүү эмес, жалпы коомдогу тарбиянын иш багыттарынын аксап жаткандыгы, ал үй-бүлө, ата-эне, бала-бакча, мектеп, жогорку окуу жай. Бүгүнкү күндө, жогоруда аталган кемчиликтерди жоюуда бир нукта тарбиялай турган комплекстүү изилдөөлөр, усулдук иштелмелер, көрсөтмөлөр, колдонмолор болгон күндө да калктын терең катмарына жетип, системалуу иш-аракеттердин аздыгы байкалат. Туура адам баласында материалдык байлыктын болуусуна эч кимдин каршылыгы жок, «нан болсо, ыр да болот» дегендей, курсак ток, кийим бүтүн, үстүндө үйүн болуш керек, бирок куштун эки канатындай рухий байлык жарды, төмөн болсо, куш бир канаты жок кулагандай, руханий баалуулугун асырай албаган мамлекет да кулайт, жок болот. Тарых барактарына кайрылсак, эмне үчүн чоң империялар кулап калды? Алып карасак, хунндардын, түрктөрдүн, монголдордун империяларынын жана улуу держа-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



валардын кулап калышынын себеби, мамлекетти кармап турган бир багыттын начарлашы. Ал маданияттын бир бөлүгү болгон руханий баалуулуктар – тилин жоготуу, дилин билбөө, ынтымак, биримдик, мансапкорлукка каршы күрөшүүнүн жоктугу, өзүн-өзү ким экендигин тааный албагандык, патриоттук сезим ж.б.

Совебек Байгазиевдин «Жаш муундарды рухий-адептик жана патриоттук жактан тарбиялоо» концепциясы Тарбиянын максаты жана милдети ***Тарбиянын мазмунун камтыйт:*** 1) Тарбиянын мазмунун куруунун методологиялык негизи 2) Улуттук казынадагы эки борбордук идея - таалим-тарбиянын мазмундук булагы жана башкы багыты катары 3) Мамлекеттик тил – таалим-тарбиянын мазмундук пайдубалы 4) Тарбиянын мазмундук уюткусу – калктын улуу тарыхы 5) Кыргыздын бай фольклору, адабияты жана искусствосу – таалим тарбиянын көөнөрбөс көрөңгөсү 6) Кылымдар бою түзүлгөн элдик мораль, ата-бабаларыбыз түзгөн улуу адептик-ыймандык нарк-дөөлөттөр – тарбия-таалимдин гүлазыгы. 7) Жалпы адамзаттык жана рухий-адептик дөөлөттөр – тарбия ишинин мазмундук булагы.

***Рухий – адептик жана патриоттук тарбиянын мазмунун ишке ашыруунун технологиясы:***

1. Тарбиялоонун принциптери 2. Тарбиялоонун методдору 3. Тарбия ишинин формалары жана уюштуруу иш-чаралары 4. Тарбиянын натыйжалары же нравалык сапатты калыптандыруунун этаптары 5. Тарбияны баалоо 6. Тарбия ишинин финансылык булактары жана иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө [6].

Таалим-тарбия маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым мамлекеттин көңүлүнүн чордонунда турушу зарыл. Анткени тарбия адамзат, улут, социум топтогон социалдык-тарыхый тажрыйбаны, маданиятты, руханий адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы - дейт окумуштуу, филолог С. Байгазиев «Жаш муундарды рухий-адептик жана патриоттук жактан тарбиялоо» концепциясында.

«Мамлекет өз жарандарынын рух адамдары болуп калыптанышына камкордук көрүүгө милдеттүү. Руханиятсыз адам коому – бул макулуктардын коому» [4] «Замана деген ушундай, таптаганга жараша түшүм берет кызылдай, тарбияңа жараша, уулуң болот замана» [1].

«Билбегенин билгизип, минтип жолго салалы, туйбаганын туйгузуп, Манасты туура жолго салалы» [7], «Баланы жамандан адаштыр, жакшыга жанаштыр» (эл макалы).

Элдик негизге таянбаган тарбия күткөндөй түшүм бербестигин тарыхый тажрыйба далилдеп отурат [5].

Советбек Байгазиевдин «Жаш муундарды рухий-адептик жана патриоттук жактан тарбиялоо» концепциясында. жазылган айрым бир-эки улуттук баалуулуктарга токтолуп өтөлү.

Биринчиден, ошондой улуттук ыйык идея-дөөлөттөрдүн бири – бул Ата Мекендин эркиндиги, көз карандысыздыгы идеясы. Кыргызстандыктын ыйык дөөлөтү – эгемендүү Ата Мекен, АлаТоо.

Бүгүнкү «Устаранын мизинде оодарылган заманда» (Арстанбек) Ата Журттун эгемендүүлүгүн, өз алдынча мамлекеттүүлүгүн Манас ата сыяктуу «Калкым кыргыз сен үчүн курман болуп кетейин» деген принципте көздүн карегиндей сактоо, дүйнөлүк прогресстин даңгыр жолуна алып чыгуу үчүн тикесинен тик туруп күрөшкөн патриоттук сезими бүгүнкү күндө таалим-тарбиянын мазмунунун негизинде жатууга тийиш. Мындай тарбия идеологиясы Кыргызстандын бүгүнкү шартында эң актуалдуу.

Экинчиден, – биримдик, ынтымак, улут аралык кызматташтык, бейпилдик. Карап көрсөк кыргыз эли өткөн тарыхый жолунда ички бытырандылыктан, бөлүндүлүктөн, өз ара чабыштардан жабыр тартып келген. Бүгүнкү күндө да трайбализм, аймак-аймак болуп бөлүнүүчүлүк, регионализм илдетинен жабыр тартып отурат. Бирок кыргыз эли«Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет», «өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололу» («Манас») деген патриоттулук сезими улуттун идеясы болуп келип, татаал кырдаалдарда калайык-калк бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, бир туунун алдында биригишип, аман-эсен калган мезгилдер көп болгон. «Бирдик болбой – тирдик болбойт» – эл макалы. Өз ара ыркыбыз кетсе, «Пил да болсок жыгылдык, миң да болсок кырылдык» - Бакайдын чакырык кеби. «Ырыс алды ынтымак, ынтымагың жок болсо, алдыңдан таяр алтын так» - Калыгулдун насаатарынан «Бакыт – чыгаандардыкы – бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгаргандардыкы» - Нурмолдо) идеясы улут тагдыры үчүн фундаменталдык мааниге ээ экендигин терең туюнган. Советбек Байгазиев айтып жаткандай: «Улуттук биримдик идеясын бүгүн республиканын ички монолиттүүлүгүн чыңдоонун фактору катары таалим-тарбия ишмердигинин идеологиялык ориентири жана мазмундук философиялык базасы катары таалим-тарбияда активдүү жашатышыбыз зарыл. Элдин биримдиги жөнүндөгү идея жаш муундардын жетекчиликке алган атуулдук-граждандык асыл дөөлөтү болуп калууга тийиш. Мындай менталитетти жаратуу, бекемдөө азыркы Кыргызстандын социалдык саясий жана адеп-ахлактык муктаждыгы» - экендигин, эч кимибиз жокко чыгара алабайбыз.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



«Манас» жана Ч.Айматов улуттук академиясынын ишмердигинин КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 3-июнунда бекитилген № 275-Токтомунун Жобосунун 10-беренесинде айтылган милдеттердин негизгиси «манастаануу» жана «айтматовтаануу» илимдерин эл аралык заманбап гуманитардык илимге айландыруу.

Ошого байланыштуу бүгүнкү күндө «Манас» жана Ч.Айматов улуттук академиясында кыргызтаануу жана манастаануу адистиктеринин паспортторун КРнын илимий адистиктеринин номенклатуралык тизмесине киргизүү үчүн эки тилде адистик паспорт иштелип чыгып, кыргыз илиминин мындан ары өнүгүүсүн ыкчамдатуу үчүн Кыргызстандын өзөктүү калкы болгон кыргыз элинин тарыхынан, анын дүйнө таанымынан, менталитетинен, кыргыздардын улуттук өзгөчөлүктөрүнөн, айрыкча элибиздин улуу жана бай руханий мурастарына негизделип, гуманитердык илимдерди жаңы көз караштагы, жаңы усул менен өнүктүрүүгө багыт алган долбоордук иш-аракеттер жүрүүдө.

**Адистиктин шифры: 11.00.01. – Кыргызтаануу. Адистиктин формуласы:**

Кыргызтаануу илими кыргыз адамы, кыргыз эли жана ал түзгөн цивилизация тууралу оозеки жана жазма булактардын, кыргыз санжырасынын, тарыхый-этнологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын жана кыргыз элинин калыптанышы тууралуу акыркы илимий көз караштарды гуманитардык илимдердин аспектисинде изилдейт.

Кыргызтаануунун базалык объектиси катары кыргыз элинин тили, маданияты, тарыхы жана дүйнө таанымы эсептелет. Башкы булактар болуп «Манас» эпосу баш болгон эпикалык чыгармалар, кыргыз уламыштары, мифтери, фольклору жана башкалар саналат.

Кыргызтаануунун мазмунун кыргыз адамынын антропологиялык маселелери, кыргыз элинин этнологиялык өзгөчөлүктөрү, жалпы тарыхы, жашоо образы, тили, философиясы, этикасы, маданияты, экосистемасы, мамлекети, баалуулуктары жана дүйнө таанымы түзөт.

Талас шаарынын тургуну эл агартуунун мыктысы, бир нече коомдук сыйлыктардын ээси Акчал Атагулов жана тарыхчы-окумуштуу Ж.К. Абдиева тарабынан өспүрүм курактагы 7-8 класстагы мектеп окуучулары үчүн «Кыргыз таануу» боюнча кошумча окуу куралын жана ошол кошумча окуу курал боюнча мугалимдер үчүн колдонмо китепти жарыкка чыгарууга даярдалды.

Бул кошумча окуу куралы жана усулдук колдонмо кыргыз элинин этномаданиятын, баалуулуктарын жаш муундарга үйрөтүү максатын көздөйт. Мындагы сабактардын иштелмелери окутуунун интерактивдүү усулдарынын негизинде иштелип чыккан. Колдонмо негизинен мектеп мугалимдерине, класс жетекчилерге, кураторлорго, ата-энелерге жана ошондой эле педагогикалык окуу жайлардын практик-студенттерине сунушталат.

Кыргыз таануу сабагынын негизги максаты өсүп келе жаткан жаш муундарды кыргыз элинин каада салт, үрп-адат жана улуттук баалуулуктары менен тааныштырып аларды мекенчилдикке, адептүүлүккө, ыймандуулукка тарбиялоо жана өз элинин улуттук баалуулуктарын баалай билүүгө үйрөтүү болуп саналат.

Кыргыз эл санжырасы, жети ата, тууган урук, жек жаат, куда сөөк, дос тамыр, кыргыз элинин үй-бүлөлүк баалуулуктары, адамдын жаш курагы, жаныбарлардын жашына жараша аталышы, Кыргызстандагы жер, суу атарынын мааниси, Күн, ай, жыл аттарынын кыргызча аталышы, боз үй жана анын ички, тышкы жасалгалары, улуттук кол өнөрчүлүк, ат жабдыктар, жоокердик курал жарактары жана кийимдери, кыргыз элинин улуттук кийимдер, улуттук тамак аштар, конок күтүү, кыргыз элинин улуттук каада-салттары, үрп-адаттары, жөрөлгөлөрү, улуттук майрамдар жана той тамашалар, улуттук музыкалык аспаптар, улуттук оюндар, элдик ырым-жырымдар жана турмуштук тыйуулар, элдик медицина, кыргыздардын диний ишенимдери, Эне-сай кыргыздарынын жазуусу, кыргыздардын чен бирдиктери, элдик ооз эки чыгармачылык, манасчылар, элдик айтымдар, макал-лакаптар жана накыл сөздөр, заманчы акындар, элдик күүлөр, элдик ырлар, элдик бийлер, Кыргызстандагы орто кылымдарга таандык архитектуралык эстеликтер. Жогоруда айтылган темалардын баары кулакка тааныш баарын билгендей сезилет, бирок ар бир теманын мааниси, мазмунуна токтоло келгенде сен көп улуттук баалуулуктарды билбей турганыңды анын маанилүүлугун баалабай турганыңды сезесин. Акчал агайдын «Кыргызтаануу» усулдук колдонмосу боюнча жазылган усулдук баалуу эмгеги ошол биз баамдабай, баамдасак да көңүл бурбай келген кыргызтаануудагы руханий баалуулуктарды түшүнүүгө, кабыл алууга, тааный билүүгө жана иш-аракеттерде пайдалана билүүгө түрткү берет.

Жыйынтыктап айтсак, кыргызтаануудагы руханий баалуулуктар боюнча жазылган көптөгөн илимий эмгектер, макалалар, концепциялар, жарлыктар бар экенин баамдадык. Бирок ачуу чындыкты маалымдасак, келечектин жаш өспүрүмдөрүнө жеткирүү максатында бирдиктүү, комплекстүү иш-аракеттердин жоктугу, механизмдердин так эместиги байкалгансыйт.

Көпчүлүк өспүрүм курактагы балдар руханий баалуулуктардын, билимдин багытында эмес, мобилдик телефондун, Интернет желесинин кулу болуп ба-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ратышат. Бүгүнкү күндө күндөн-күнгө өсүп жаткан технология андан артта калбашыбыз керек, бирок аны пайдалануунун мерчемдүү убактысы болуусу зарыл. Бүгүнкү күндө жаш өспүрүмдөр интернет булактарындагы соцтармактардан күнүмдүк пайдасыз нерселерге эле кызыгашат. Кеп кылайын дегеним, Германияда мектеп жашындагы балдарга ата-энелер гаджеттерди ашыкча колдонууга уруксат бербей, көзөмөлдөп турушат экен. Ата-эне балдары менен мазмундуу мультфильмдерди көрүшөт, түркүн түс китептерди чогуу окушат. Бизде, тескерисинче. Мектеп жашындагы балдар адамды каракчылыкка, жырткычтыкка, зомбулукка чакырган оюндарды, мультфильмдерди көрүп чоңоюшууда. Бул жерде рухий дүйнөнүн, тарбиянын жыты да жок. Ата-энелер жана үйдөгү бардык улуу муундар бул көрүнүшкө кайдыгерлик менен карообуз. Биз балдарыбызга китептин баалуулугун түшүндүрүп, кыргызтаануудагы руханий азыктарбызды берүүнү бейкапарлыкка салсак, анда келечек бизди замбирек менен атат деген ойду билдиргим келет.

Ошондуктан, элибиздин, мамлекетибиздин өсүп-өнүгүү жолунун негизги багытын руханий баалуулуктарды, билимди, оңдоодон баштаганыбыз туура экендигин айта алабыз.

**Адабияттар:**


1. Байгазиев С. «Нурмолдо XIX кылымдын тунгуч агартуучу-педагогу жана эне тилдин даанышман патриоту». Б., Эркин тоо, 2005.
2. «Жарандардын рухий жана адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун Жарлыгы 2021-ж., февраль айы.
3. Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндөгү» Жарлыгы (27-янв., 2012.).
4. Подласый И.П. Педагогика. - 2016-ж. - 28-б.
5. Педагогикалык сөздүк. - 2021-ж. - 771-бет.
6. [http://www.kao.kg/images/stories/doc/323_001.pdf.
7. Манастаануу. - Бишкек, Учкун, 2011. «Манас» эпосунан.
8. Манас» жана Ч.Айматов улуттук академиясынын ишмердигинин КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 3-июнунда бекитилген № 275-Токтомунун Жобосу.
9. Атагулов А.А., Абдиева Ж.К., Кыргыз таануу 1-бөлүк.- 2021-ж. (Өспүрүм курактагы балдар үчүн (7-8-класстар) кошумча окуу куралынын кол жазмасы).
10. Атагулова А.А., Абдиева Ж.К., Кыргыз таануу 2-бөлүк. - 2021-ж. (мугалимдер үчүн жазылган усулдук-колдонмо (7-8 класстар) окуу-усулдук колдонмонун кол жазмасы).
11. Абдиева Ж.К. Воспитательное значение эпоса «Манас» в художественном мире Ч.Айтматова. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 10. С. 34-36.
12. Абдиева Ж.К. Влияния Чынгыз Айтматова на духовные ценности. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 5. С. 62-65.